КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

КАРАКОЛ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРАКОЛ

# ТОКТОМ

**2026-жылдын “30” 04 №12** **Караколайылы**

**Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 2024-жылдын 06-августундагы №12 токтому менен бекитилген “Каракол айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын уставынын” негизинде жана Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 14-апрелиндеги кортундусун угуп жана талкуулап, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1.Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобону бекитилсин.

2.Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу бекитилген Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

3.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттиктин сайтына жарыялансын.

4.Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Ч.Садамбекова бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.М. Алымбаев**

**Иш кагаз-1,облустук юстиция башкармалыгына-3**